***DOI:10.26104/NNTIK.2023.64.94.024***

***Бабакулова А.М.***

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МУГАЛИМДЕРИНИН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЗАРЫЛДЫГЫ

***Бабакулова А.М.***

# НЕОБХОДИМОСТЬ В НЕПРЕРЫВНОМ ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ РАЗВИТИИ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

***A. Babakulova***

# THE NEED FOR CONTINUOUS PROFESSIONAL DEVELOPMENT OF PRIMARY GRADE TEACHERS

*УДК: 374.3*

*Бул макалада башталгыч класстарынын мугалимдеринин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүнүн зарылдыгы жөнүндө сөз болот. Теманы өсүп келе жаткан муундун өзгөчөлүктөрү менен байланыштырып карагым келди. Адегенде, адам акылынын чеги жок өнүгүүсүнүн, ар бир кадам сайын кездешип жаткан жаңы идея, жаңы ойлор топтомунун, техникалык ылдам ачылыштар заманынын учурундагы, өсүп келе жаткан муундагы өзгөрүүгө сареп салып көрөлүчү. Деги эле биздин бүгүнкү жашоо менен кечээгибизди салыштыруу мүмкүн болбогондой өзгөрүүлөргө ээ болуп жатат. Демек, ушундай ылдамдыкта өтүп бара жаткан биздин убакытта билим берүүнүн системасы, билим берүүдөгү өнүгүүнүн сүрөттөлүшү, карааны кандай болушу мүмкүн? Билим берүү системасы азыркы күндүн балдарынын аң-сезими менен барабар өзгөрүүгө жетише алып жатабы? Эгерде билим берүү системасы учурдун жаңы муунунун аң-сезими менен барабар өнүгүүнү камсыз кылса, анда биздин билим берүү системасын талаптагыдай өнүгүп жатат десек болобу? Ал эми мугалимдердин кесипкөйлүгү жөнүндө эмне дейбиз? Беш жылда бир жолу кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарынан өтүү менен чектелген мугалимдердин билими, бүгүнкү күндүн талабына ылайык келеби?*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч класс, мугалимдер, үзгүлтүксүз өнүгүү, кесиптик өнүгүү, жаңы муун, билим берүү системасы, балдардын аң-сезими.*

*В этой статье будет идти речь о необходимости непрерывного профессионального развития учителей начальных классов. Мне захотелось взглянуть на эту тему через призму особенностей подрастающего поколения. Для начала, давайте посмотрим на изменения, происходящие с подрастающим поколением в век бескрайнего развития человеческого ума, технических открытий и новых идей, встречающихся на каждом шагу. И в целом, происходят изменения, несравнимые с нашим сегодняшним днем и вчерашним. А какими могут быть видение, картина системы образования и ее развития в таком темпе нашего времени? Успевает ли система образования меняться наравне с сознанием нынешних детей? Если система образования обеспечивает изменения наравне с сознанием сегодняшнего нового поколения, то можем ли мы сказать, что наша система образования развивается соответственно? А что мы можем сказать, о профессионализме учителей? Соответствуют ли знания учителей, ограниченных курсами повышения квалификации раз в 5 лет, требованиям сегодняшнего дня?*

***Ключевые слова:*** *начальная школа, учителя, непрерывное развитие, профессиональное развитие, новое поколение, система образования, детское сознание.*

*This article discusses the need for continuous professional development of primary school teachers. I wanted to consider the topic in connection with the characteristics of the growing generation. First, let's review the changes in the growing generation during the time of the limitless development of the human mind, new ideas, new sets of thoughts that are encountered at every step, rapid technical discoveries. In fact, our lives today and yesterday are changing in such a way that it is impossible to compare them. Therefore, in our time, which is passing at such a speed, what can be the description of the education system, the development in education? Is the education system able to achieve a change equal to the consciousness of today's children? If the education system provides development equal to the consciousness of the new generation, then can we say that our education system is developing properly? And what about the professionalism of teachers? Does the competency of teachers, who are limited to passing professional skill improvement courses once in five years, meet today's requirements?*

***Key words:*** *primary school, teachers, continuous development, professional development, new generation, education system, children's consciousness.*

Бүгүнкү күндүн билим берүүсү жөнүндө ой-жүгүртсөк, мугалимдерди кээде деңиз толкунунда жээкке сүрүлүп чыгып калган чарпындыдай сезим калтырган учурлар болот. Ал эми азоо толкунга айлануу үчүн, өз кадырыбызды түшүрбөй кармаганга аракеттенгенибиз оң. Мындай позицияны кармануу үчүн маалыматты кубалап, кээде ошол маалыматтын жаратуучусу болуп, кээде ага себепчи болгондой сергек, сынчыл жана тегиз эмес ой жүгүртүүгө жетишүүбүз зарыл.

Бул маселе башталгыч класс мугалимдеринде кандай? Ал үчүн башталгыч класс мугалимдеринин дүйнөсүнүн эшигин кагып көрөлүчү.

Бүгүнкү күндө Ош облусунда 121012 башталгыч класс окуучуларына 5661 мугалим билим берет. Алардын ОшБИнин планына ылайык 1080и 5жылда 1 жолу курстан өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Быйылкы жылдын 8 айында облус боюнча пландагы 456 мугалимдин ордуна 407 башталгыч класс мугалими өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтүп кетишти.

Тез өнүккөн коом, санариптик өнүгүү, XXI кылымдын балдарынын аң-сезими мугалимдерибиздин билимин үзгүлтүксүз өнүктүрүп баруусунун зарылчылыктарын далилдеп койду. Сөзүбүз куру болбошу

үчүн XXI кылымдын балдарынын өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп көрөлүчү.



**1-сүрөт.** XXI кылымдын балдарынын өнүгүүсү.

Азыркы күндө дүйнөдө Уильям Штраус жана Нил Хау аттуу америкалык изилдөөчүлөрдүн «Муундар теориясы» деп аталган эмгеги кеңири жайылып, ага ылайык болжолдуу жыйырма жыл аралыгында төрөлгөндөр дүйнө таанымы, кызыкчылыктары боюнча бир муунга кирет. Ал муундун өкүлдөрүндө өздөрүнө таандык өзгөчөлүктөр даана байкалат. Мисалы, 1960-1980 жылдары туулгандар (X мууну) үчүн стабилдүүлүк, дайымкы иштеген иши, телевизор, коллективдүү эмгек маанилүү.



**2-сүрөт.** 1980-жылга чейинки балдардын билим алуусу.



**3-сүрөт.** Жаңы муундун балдарынын билим алуусу.

1980-2000 жылдарда төрөлгөн муундун (Y мууну, миллениалдар) кызыкчылыктары башка. Алар технология өнүккөн, ар кыл мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болгон мезгилинде чоңоюшкан жана онлайн иштөөнү жактырат, дүйнө кезишет, эки-үч жогорку билими бар. Офисте иштөөнү жактыра беришпейт. Бир жерде көпкө кармалбайт.



**4-сүрөт.** 1980-жылга чейинки балдар, оюн учурунда.



**5-сүрөт.** XXI кылымдын балдары, оюн учурунда.

Ал эми 2000-жылдардан кийин төрөлгөн зет (Z, зумерлер) мууну дагы көбүрөөк онлайнда, тагыраак айтканда иштеринин дээрлик көпчүлүгүн онлайн бүтүрүшөт. Алардын реалдуу жана интернет дүйнөсү бар.

Негизги натыйжалар жана аларды талкуулоо. Демек, изилдөөлөр көрсөткөндөй, XXI кылымдын балдарындагы жогорудагыдай өзгөчөлүктөрдү эске алганда, башталгыч класс окуучуларын окутууда мугалимдердин дурустап эле тер төгүп иштөөсүнө туура келет. Бактыга жараша мамлекетибиз бул багытта жакшы иштерди алып барып жатат. Мисалга алсак КР конституциясы баш болгон «Билим берүү мыйзамы», «Мугалимдин статусу», «Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стардарты», предметтик стандарттар, «Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн 2021-2040-жылдарга карата өнүктүрүү планы» ж.б. Бул өкмөттүк билим берүү боюнча документтер окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн бардык зарыл болгон чараларды эске алуу менен бирге эле билим берүү кызматкерлеринин кесиптик жактан үзгүлтүксүз өсүшүн ар тараптуу камсыздоого алган. Мисалга алсак «Кыргыз Республикасында би-

лим берүүнү өнүктүрүүнүн 2021-2040-жылдарга карата өнүктүрүү планынын» 5-багытында «Педагогдорду үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү. Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу. Мугалимдерди жыл сайын квалификацияны жогорулатуу программалары менен камсыз кылуу» жөнүндө айтылат.

41. Башталгыч жалпы билим берүү программалары боюнча окутуу мектепке чейинки билим берүү программалары боюнча калыптанган билимдерге жана көндүмдөргө таянат.

Башталгыч жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:

– окуунун жана окуганын түшүнүүнүн, жазуунун, курчап турган дүйнөгө байкоо жүргүзүүнүн, өлчөөнүн, эсептөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болот, маалыматтын ар кандай түрлөрү менен иштөө алгоритмдерин жана бул көндүмдөрдү окуу жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн функционалдык колдоно алат;

– мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин билет. Тил билүү деңгээлдери: окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тили - А1 (элементардык, тил чөйрөсү жок болгондо), А1 + (элементардык, тил чөйрөсү болгондо); окутуу кыргыз, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде орус тили – А1 (элементардык, тил чөйрөсү жок болгондо), А1 + (элементардык, тил чөйрөсү болгондо); чет тили – А1 (элементардык);

– жөнөкөй маалыматты тандап алуу көндүмдөрүнө ээ болот;

– адам, жаратылыш жана коом, алардын өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы жөнүндө жалпы түшүнүктөрү бар;

– өзүн демократиялык коомдун жараны катары сезет, этиканы жана жүрүм-турум ченемдерин сактайт;

– негизги мектепте окууну улантууга максаттуу жана жүйөлүү окуу ишин, өз алдынча жана топтук иштерди жүргүзүү жөндөмүнө ээ;

– социалдык алгылыктуу жүрүм-турум, эмпатия, теңтуштары жана чоңдор менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрүнө ээ болот;

– окууда жана турмуштук кырдаалдарда пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин аныктоо, аларды чыр-чатаксыз жолдор менен чечүү жөндөмүнө ээ;

– жеке гигиенанын, сергек жана коопсуз жашоонун элементардык көндүмдөрүнө жана башка «жашыл көндүмдөргө» ээ болот, - деген талаптар коюлган. Ачыгын айтканда балдардагы ушул сапаттарды калыптандырууда «Окуу керемет!» долбоору ченемсиз жумуштарды аткаргандыгын айта кетүүбүз зарыл.

Эми оюбузду мугалимдерибиздин ишмердүүлүгүнө, мугалимдерибиздин компетенттүүлүгүнө бурсак. Ушул таптагы мугалимдер канчалык деңгээлде мамилекетибиз тарабынан коюлган талаптарды аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ? Өнүккөн санариптик технология заманынын талаптарына кесипкөйлүк жактан толук жооп бере алышабы? Албетте толук түрдө жооп берет деп айта албайбыз. Демек мугалимдерибизге ар тараптуу методикалык жардамдар керек! Ал жардамдар иштеп жаткан мугалимдерге мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуучу институттар, борборлор тарабынан 5 жылда 1 жолу берилип келет. Ошондуктан КР БИМ 2017-жыл, 20-июндагы №758/1 буйругу менен бекитилген. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсү жөнүндө жобонун негизинде педагогикалык кызматкерлердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн ишке ашыруу маселеси каралган. Ал жерде кесиптик чеберчиликти жогорулатуу боюнча облустук билим берүү уюмдарынын/усулдук борборлор жана башка кызмат көрсөтүүчүлөр мектеп жетекчилеринин жана педагогдордун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсү үчүн институционалдык шарттарды түзүү боюнча жооптуу экендиги белгиленген жана кесиптик өнүгүү боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр саналып айтылат:

– ҮКӨ алкагында сапаттуу кызматтарды камсыз кылуу үчүн педагогдордун окууга болгон муктаждыктарын аныктап турушат;

– кесиптик чеберчиликти жогорулатуу программаларды жана модулдарды иштеп чыгып, белгиленген жол-жоболорго ылайык бекитүү үчүн берип турушат;

– кесиптик чеберчиликти жогорулатуучу программалар/модулдар аркылуу педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн сапаттуу кызматтарды көрсөтүп турушат;

– кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарын аяктаган мугалимдерге кеп-кеңеш усулдук колдоо көрсөтүп турушат;

– билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча сапаттуу кызматтарды көрсөтүп турушат;

– кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарынын тутумдуу мониторингин жана алардын педагогдор тарабынан иш жүзүндө колдонулушунун натыйжалуулугуна баа берүүнү уюштурат;

– райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү менен окуу пландарын макулдаштырат;

– инновациялык жана башка мектептер менен кесиптик чеберчиликти жогорулатуу боюнча тармактык программаларды уюштурат;

– кесиптик чеберчиликти жогорулатуунун дистанттык жана башка түрлөрүнүн программаларын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат.

Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүнү жүзөгө ашыруу үчүн формалдуу кесиптик чеберчиликти жогорулатуу

программаларынан тышкары формалдуу эмес жана информалдуу кесиптик өнүгүү үлгүлөрү колдонулат:

– насаатчылык жана менторчулук үлгүлөрү – жумуш ордунда тажрыйбалуу кесиптештердин же эксперттердин усулдук колдоо көрсөтүшү жана кеп-кеңеш бериши;

– билим берүү уюмдарынын педагогдорунун изилдөө, долбоорлук жана усулдук ишмердиги аркылуу жүзөгө ашырылуучу мектеп мугалимдеринин корпоративдик окуусуна жана кызматташуусуна негизделген окутуу уюмунун үлгүсү;


– көп жааттуу негизде, б.а. бир нече мектептин, анын ичинде инновациялык мектептердин, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жана усулдук кабинеттердин, ошондой эле кесиптик чеберчиликти жогорулатуу институттарынын, жогорку окуу жайлардын жана башка билим берүү уюмдарынын кызматташуусу аркылуу кесиптик өнүгүүгө өбөлгө түзүлө турган тармактык өз ара иштешүү үлгүсү;

– интернет аркылуу байланышып, чыныгы кызматташуу кырдаалындагы практикалык билимдерин алмашкан, жалпы маселелердин биргелешип чечкен жана өздөрүнүн иш билгилигин өнүктүргөн кесипкөй педагогдордун биримдигин түзүшү менен жүзөгө ашырылуучу интерактивдүү кесиптик өнүгүү үлгүсү;

– кесиптик чеберчиликти дистанттык жол менен жогорулатуу үлгүсү;

– жалпы билим берүү уюмдарынан тышкары, мисалы, чет өлкөлөрдө өткөрүлүүчү кыска мөөнөттүү семинарлар, тренингдер, жыйындар;

Мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн ишке ашыруудааларда өз алдынча билим алуунун жана өз алдынча өнүгүүнүн ар кыл түрлөрүнөн колдоно алуу компетенциясын калыптандыруубуз зарыл. Башталгыч класс мугалимдери бир эле учурда төмөндөгү маалымат булактарынан пайдалана алуу компетенциясына ээ болушу зарыл. Ал үчүн ҮКӨнүн төмөндөгү торчосунан пайдаланса болот:



Азыркы учурда башталгыч класс мугалимдерине өздөрүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуусуна жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөр бар. Себеби билим берүүнү колдоочу фонддор тарабынан түрдүү долбоорлор ишке ашырылып жатат. Атап айтсак USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору. 2020-жылдан бери «Окуу керемет!» долбоору тарабынан башталгыч класс мугалимдери кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча жетишерлик методикалык колдоолорго ээ болушту.

Корутунду жогоруда белгиленгендей коомдогу өсүү, адамзат аң-сезиминдеги өзгөрүү ылдамдыгы, мугалимдерибизден өз кесибинин үстүндө үзгүлтүксүз өнүгүүнү, өсүштү талап кылууда. Бул багытта Мамлекетибиз, Билим берүү жана илим министрлиги билим берүүнү колдогон көптөгөн долбоорлор менен тыгыз иш алып барып жатат. Буга мисал катары USAID тарабынан каржыланган «Окуу керемет!» долбоорун алсак болот. Долбоор башталгыч класс мугалимдерине адистиктери боюнча 2020-жылдан баштап «Окуу» боюнча модулдарын, 2022-жылдан баштап «Математика» боюнча модулдарды өтүү менен методикалык колдоолорду көрсөтүп келе жатат. Башталгыч класс мугалимдерине окутуунун жаңыланган усулдары боюнча методикалык жардамдарды көрсөтүү менен бирге, ар бир мугалимге методикалык колдонмолорду да беришти. Ал эми окуучуларды окутуунун түрдүү каражаттары: 1500 аталыштагы балдар адабияттары «Математикалык сандыкча» менен камсыз кылышты. Ачыгын айтканда башталгыч класс мугалимдери окуу жана математика предметтери боюнча дүйнөлүк тажрыйбанын эң мыкты интерактивдүү усулдары менен куралданышты. Аны менен эле чектелип калбастан мугалимдер санариптик технологиялардын жардамы менен билимдерин көтөрүү көндүмдөрүнө ээ болушту. Эне тилиндеги адабий чыгармалар менен камсыз болуп эле чектелбестен адабий чыгармаларды башка предметтер (математика, мекен таануу, көркөм өнөр, музыка башка тилдер) менен интеграциялап окутуу боюнча чоң билим жана тажрыйбага ээ болушту.

Долбоор өз ишин аяктар мезгилине жакындап келе жаткан учурда бизди «Окуу керемет!» тартуулаган баалуулуктарды кантип жаш кадрларга жеткиребиз? - деген суроо түйшөлтпөй койбойт. Белгилүү ойчул Сенека «Дагы бир нерсени билүү үчүн эмес, аны жакшыраак билүү үчүн окугула», - деп айткандай «Окуу керемет» берген баалуулуктарды, тереңирээк өздөштүрүү максатында жана жаш адистерге жеткирүү максатында биздин институт 2021-жылдан баштап эле кээ бир модулдарды лекция катары курска киргизгенбиз. Атап айтканда башталгыч кыргыз, орус, өзбек класстарында, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, өзбек тили жана адабияты жана чыгармачыл мугалимдердин курстарында «Кун сайын жазуу жана чыгармачыл жазуу», «Балдар китептерин предметке интеграциялап окутуу», «Дифференциялап окутуу» KLIL, «Универсалдуу долбоорлоо жана дифференцияцияланган окутуу», деген темаларда лекциялар жана практикалык иштер жүргүзүлүүдө.

Ал эми математика боюнча деген лекциялар курска 2022-2023-окуу жылынан баштап киргизилип, азыркы күндө башталгыч кыргыз класс мугалимдеринин курсунда: «Сандар жана сандарды түшүнүү», «Кошуу жана кемитүү», «Чыныгы турмуштук маселелерди чыгаруу үчүн кошуу жана кемитүүнү пайдалануу», «Көбөйтүү жана бөлүү алгоритми», «Көбөйтүү жана бөлүүнү чыныгы турмуштук кырдаалда пайдалануу», «Башталгыч класстарда тексттүү маселелерди, геометриялык маселелерди чыгаруунун жана аянт, узундук, салмак, убакыт бирдиктерин үйрөтүүнүн усулдары» окутулуп жатат.

Ошондой эле долбоордун ишин мындан ары улантып кетүү үчүн биз өзүбүздүн жетекчибиз жана илимий кеңеш менен макулдашып долбоордун окуу жана математика бөлумдөрүн толук курс (72 сааттык) катары киргизсек да болот деп ойлойм. Бул учурда 72-саатты 58 саатка чейин тыгыздатып, 24 саат биздин курстун билим берүү мыйзамдары, педагогика жана психология, компьютердик сабаттуулук жана башталгыч класстардын программасындагы өзгөрүүлөрдү камтып, башталгыч класс мугалимдеринин курсунан өттү деген сертификат берүү.

2-вариант: 72 саатты толук алуу менен 30 саатты кошуп 102 сааттык программа түрүндө курс киргизүү мында мугалимдерге берилген курстун финансылык жагы өзгөрбөстөн калып кошумча 30 саатты онлайн түрүндө берүү аркылуу ишке ашыруу.

3-вариант: «Окуу керемет» долбоорунун бардык модулдарын РИПКи ПК, облустук билим берүү институттары, окуу борборлору каалоочулар үчүн акы төлөнүүчү онлайн, көчмө, дистанттык-модулдук курстар катарында өткөрүү.

Сөзүмдүн акырында «Окуу керемет» долбоорунун ЖОЖдор менен иш алып барып жаткандыгы бул долбоордун мыкты идеясы катары белгилиеп кетүү менен ушул жерде олтурган билим берүү тармагынын түрдүү багыттагы өкүлдөрүнө жаш муундардын келечеги үчүн баарыбыз бир багыт менен алга жылуунун бирдиктүү планын түзүп иш алып барууга мезгил жетти деп айткым келет. Ошондуктан жаш муундардын, Өлкөбүздүн келечеги үчүн биригели. Өз ич ара кызматташтыгыбыздын жаңы тепкичине көтөрүлөлү демекчимин. Биздин кызматташтык төмөндөгүдөй чырмалышкан чынжырчага айланышы зарыл.




«Эгерде сиз балдарды кечээки күнкүдөй окутсаңыз, балдардын эртеңин уурдаганыңыз» - демекчи кандай учур болгондо да биз балдардын аң сезимин, ой толгоолорун, акыл-эсин токтотуп, аларга кедергисин тийгизбей тургандай деңгээлде, мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылуубуз зарыл. Бул боюнча Бишкекте билим берүү тармагын реформалоо боюнча форумга катышкан министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров белгилеген беш багыттын экинчи багытында: «Мугалим – билим берүү тармагынын ийгилигинин негизи. Биз аларга профессионалдык өсүү жана квалификациясын жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүп беришибиз керек. Окутуунун заманбап ыкмаларын киргизүү мугалимдердин окуучуларына чыныгы насаатчы болуусуна жардам берет», - деп айтты. Ошондуктан билим сапатын көтөрүүнүн ачкычы катары мугалимдердин кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатуу күндүн маселеси катары кала берет. Адегенде биз окуучунун билим сапатын жогорулатуу үчүн, окутуунун сапатын жогорулатууну ишке ашыруубуз зарыл.

**Адабияттар:**


1. КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 «2021-2040-жж. КРде билим берүүнү өнүктүрүү Программасы. http://cbd.minjust.gov.kg/act/ view/ky-kg/158227
2. Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн. Мамлекеттик Билим берүү стандарты. https://kao-kg.translate.goog/2021/07/13/
3. Sputnik. Пресс-служба кабинета министров КР. / Э.Жусубалиев
4. Анна Арбузова Разница поколений: какие они — Generation Z и идущие следом «альфы»? https:// trends.rbc.ru/trends/industry/64380a4d9a7947a90164ccfe
5. Гобова Е., Игнатова О. Психологический портрет поколения. Типология представлений о себе // Школьный психолог. 2007. №6. URL: http://psy.1september.ru/article.php?ID=200700612.
6. Андреева А. Разница поколений: какие они – Generation Z и идущие следом «альфы»? Подробнее на РБК: https://trends.rbc.ru/trends/futurology/5dfcabbf9a7947a532b7f9a5
7. Роженцова О. https://sila.media/skill/warbletoncouncil.orghttps://ky.warbletoncouncil.org›...«XXI кылымда билим алуу».
8. Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү. Режим доступа: nroo.edu.kg http://nroo.edu.kg.
9. Темиралиева Т.Т Курсы повышения квалификации учителей начальных классов. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 9. С. 310-312.